# ПОРТФОЛИО-ТЕХНОЛОГИЯСЫН СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУДА УЮШТУРУУНУН ШАРТТАРЫ

**БАЙТҮГӨЛОВА Ж.А.**
biblionsu@rambler.ru

Портфолио технологиясын тилдерди үйрөтүүдө жана колдонууда окутуу жана баалоо методикасы коммуникативдүү ыкмага негизделиши керек. Бул эң негизги шарт. Англис тилин коммуникативдүү ыкма менен окутуу биздин өлкөдө барган сайын популярдуу болуп бара жатат. Бирок, коммуникативдүү ыкма боюнча атайын тренингдерден өтүп, үйрөнгөн нерселерин иш жүзүндө колдонуп келе жаткан мугалимдерибиз абдан аз. Азыркы убакка чейин окутуунун эски ыкмаларын колдонуп, англис тилинен эне тилине жана эне тилинен англис тилине котормо жолун колдонуп сабак өтүп жаткан мугалимдерибиз ондоп саналат. Бирок, бардыгына маалым болгондой, бул ыкма канча жылдар бою таптакыр натыйжа алып келген жок. Учурда, биздин окуучуларыбыз коммуникативдик жөндөмгө, күнүмдүк турмушта жана иш жүзүндө англис тилинде баарлашууга муктаж болууда. Жогоруда атап өткөн проблемалардын бардыгы, бул окуу методикалык колдонмонун негизинде коммуникативдик ыкманы колдонуу зарылдыгын тастыктайт.

Коммуникативдүү ыкманын негизги принциби болуп, англис тили сабагын өтүп жаткан учурда ошол англис тилин гана колдонуу эсептелет. Бул ыкманын курамында тилди үйрөтүүнүн бардык аспектилери үчүн атайын ыкмалар бар. Мисалы, грамматикага үйрөтүүдө эрежелерди эмес, ситуативдүү презентацияларды колдонуу, жаңы сөздөрдү үйрөтүүдө MPF структурасын (англис тилинде сөздүн маанисин, туура айтылышын жана туура жазылышын) колдонуу ж.б. Чет тилин үйрөтүүнүн коммуникативдик ыкмасы:

- Тилди интерактивдүү жана реалдуу колдонууну талап кылат.
- Тилди таза колдонууну жана маалымат алмашууну талап кылат.
- Окуучунун ийгиликтүү пикир алмашып жатканын мугалим бат-баттан баалап турат.
- Таза сүйлөгөнгө караганда, тартынбай сүйлөгөнгө басым көбүрөөк жасалат.
- Ката кетирүү табигый процесс катары эсептелет.
- Грамматика эрежелери керек учурда гана түшүндүрүлөт.
- Окуучулар оз ойлорун жана идеяларын кенен айтуулары тийиш.
- Мугалим студенттерге ишенимдуу жардамчыны болуп эсептелет.

***Тил коммуникациянын (байланыштын)*** *куралы* болгондуктан, тилди үйрөтүүдө да ошол тилди колдонуу керек. Мисалы, англис тилин үйрөтүүдө көптөгөн жылдар бою педагогикада талаш болуп келген, англис тилин баланын өз эне тилинде окутуш керек деген. Бирок, коммуникативдик методдун эрежелерине ылайык, мугалим кайсы тилди үйрөтүп жатса, ошол тилде сабак өтүүсү зарыл. Ошону менен бирге, аудиторияда үйрөнүп жаткан тилди реалдуу ситуацияларда колдонуу жана практикалоо мүмкүндүгү максаттуу түрдө түзүлөт.

Тилди үйрөнүүчүлөр ар түрдүү адамдар болушаарын эстен чыгарбоо керек, ар бир инсандын ***ар башка үйрөнүү стилдери*** бар. Ошондуктан, коммуникативдүү окутууда ар түрдүү үйрөнүү стилдерин аралаштырып, студенттердин бардыгынын үйрөнүү стилин эске алып, аны сыйлашыбыз керек.

Аудиторияда ***ишенимдин жана бири-бирин сыйлоонун атмосферасын*** түзүү – мугалимдин милдети. Студенттердин айткан ар бир ою бааланыш керек. Студент ката кетирип алган учурда шылдың болуп калуу коркунучу болбош керек. Каталар үйрөнүү процесси катары кабыл алынышы керек. Ошондуктан, мугалимдер катаны оңдоонун

убактысын жана маанисин терең түшүнүп, абдан керек учурда гана оңдоого тийиш. Берилген тапшырмалар кыйын болсо да, студенттер аны аткара алгыдай тапшырма берүү керек.

***Студент окуу процессинде негизги ролду ээлейт жана бул процесстин активдүү катышуучусу***. Ал өзүнүң жетишкендиктерин жана ийгиликтерин көрүшү керек, ошонун натыйжасында андан аркы окуу траекториясын белгилеп, ага жетүүгө күч-аракетин жумшайт. Ошондой эле студенттер мугалимге да сабак кызыктуу жана пайдалуу болгондугу же болбогондугу жөнүндө баа бере алат. Мугалим болсо, берилген маалыматка таянып, сабагын андан ары жакшыртууга аракет кылат.

*Жаңы сөздөрдү үйрөнүү – грамматиканы үйрөнүүдөн маанилүү*. Анткени жаңы сөздөрдү күнүгө үйрөтөбүз, ал эми грамматиканы керектүү мезгилде гана үйрөтсөк болот. Грамматикага көп басым жасоонун кереги жок.

*Чет тилинде шар сүйлөө – грамматикалык жактан туура сүйлөөдөн маанилүүрөөк.* Эгер биздин студенттерибиз чет тилинде сүйлөгөнүн кааласак, алар сүйлөп жаткан учурда каталарын оңдобошубуз керек. Балдар чет тилинде кандайдыр бир информацияны билдирүү маанилүү экенин түшүнүүсү зарыл. Ошондуктан, мугалимдин милдети каталарды оңдоо эмес, студенттердин чет тилинде сүйлөө шыгын өстүрүүгө багытталышы керек.

*Студенттердин чет тилин үйрөнүүгө кызыгуусун арттыруу – мугалимдин окутуу милдетинен маанилүү*. Сабак учурунда чет тилинде студенттердин көбүрөөк сүйлөшүүсү мугалимдин кебинен көп болушу керек, анткени бул студенттерге пайдалуу. Сабакта мугалимдин кеби канчалык көп болсо, студенттерге чет тилинде сүйлөшүүгө жана практика кылууга ошончо аз убакыт калаарын эсибизге түйүшүбүз керек. Андыктан сабакты пландоо мезгилинде жекече, жуптук жана топтук иштерди көп колдонушубуз абзел [4].

Портфолио – студенттин ишмердик процессинин отчету, анда инсандын кандайча ойлоноору, тигил же бул көз караштп сын көз менен талдаганы, анализдегени, синтездегени, өндүргөнү, түзгөнү, башка адамдар менен интеллектуалдык, эмоционалдык жана социалдык деңгээлдерде кандай карым-катышта болгону көрүнүп турат. Портфолионун ачык айкын демократиялуу турдо уюштурулушу да негизги шарттардын бири. Ошондуктан баалоо параметрлерин иштеп чыгууда студенттерди портфолионун мазмунуна жана калыпка салынышына карата төмөнкү инварианттык (негизги) талаптар менен тааныштыруу керек:

- портфолионун мукабасынын студенттин инсандыгын жана кызыгууларын чагылдырып, чыгармачылык менен шөкөттөлүшү;
- тыкандык/тактык менен аткаруу;
- материалдын структурасы;
- материалдын чыгармачылык менен шөкөттөлүшү;
- студенттин материалды түшүнүүсүн чагылдырган фактылар;
- студенттин өз таанып-билүүсү, дүйнөтаанымы жөнүндө ой толгоосун чагылдырган материалдар;
- студенттин чыгармачылык жөндөмүн чагылдырган материалдар;
- студенттин өнүгүүсүн чагылдырган материалдар.

Макалада берилген жогорудагы негизги шарттардын дагы бири – портфолиону баалоодо кетирүүчү каталарды эске алып, алдын алуу жана аларды болтурбоого аракеттерди жасоо биздин милдет. Ушул себептерден улам, төмөндө тилдерди үйрөтүүдө портфолио технологиясын уюштурууда кетирилүүчү типтүү каталарды чечмелөөнү туура көрдүк.

**№1 КАТА.** Портфолиону түзүүдө, калыпка салууда ыктыярдуулук принцибин бузуу. Официалдык документтерди, чыгармачылык эмгектерди, практика боюнча өз алдынча отчетторду чогултууда, акырында портфолионун курамын түзүүдө педагогдор ага тигил же бул материалдардs студенттин өзүнүн пикирин эске албастан кошууга аракет кылышат. Окутуучулар өз пикирлерине жана студенттин жөндөмү, кызыгуулары жөнүндө өз карашына гана таянышат. Эч кандай учурда студенттерди өз портфолиосуна тигил же бул материалды

кошууга мажбурлабаш керек, айрыкча финалдык стадияда, студент чогулган документтерди көрсөтүп жаткан учурда. Студенттин өзү белгилүү бир аракет жасаганы өтө маанилүү, анткени бул учурда өз жетишкендиктерин аңдап-түшүнүү процесси болуп өтөт, алынган натыйжаларга карата жекече мамилеси калыптанат, өз мүмкүнчүлүктөрүн түшүнөт. Ошондо мындан аркы окуу профилин тандоо да аң-сезимдүү мүнөзгө ээ болот. Андан тышкары, ал өз иштерине, кызыгууларына, өзүнүн бош убактысына олуттуураак мамиле кылып баштайт [5].

**№2 КАТА.** Портфолиону түзүү процесси – студенттин нукура жекече иши, бул процесске такыр кийлигишпеш керек деген көз караш. «Ал чоң адам, мейли иш жүзүндө өз алдынчалыгын көрсөтсүн». Албетте, студент өз портфолиосунун материалдарынын үстүндө өз алдынча иштөөгө тийиш, бирок бул окутуучу ал процесстен такыр оолактап кетиш керек дегенди билдирбейт. Жардам ар түрдүү болушу мүмкүн, мисалы студент өз жетишкендиктерин демонстрациялоонун ар кыл ыкмаларын талкуулоо боюнча жардам сурашы мүмкүн. Окутуучу ага даярданып туруп, илимий конференцияда баяндама же билдирүү менен чыгууну, кызыктуу социалдык долбоорго кирүүнү сунуш кыла алат. Башкача айтканда, студенттин жекече активдүүлүгүнө ар түрдүү жолдор менен стимул берүү керек. Аны тигил же бул жакка багыттоо эмес, ага өзүн көрсөтүү үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү ачып берүү зарыл. Анан бул иште керектүү психологиялык жана практикалык колдоо көрсөтүү абзел.

**№3 КАТА**. Кошумча кесиптик билим берүү системасынын, коомдук уюмдардын ж.б. булактардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонбоо. Көп учурда портфолио чогултуу мезгилинде студенттин кошумча жана кесиптик билим берүү мекемелериндеги жана ар түрдүү коомдук уюмдардагы ишмердиги көңүлгө алынбайт. Тилекке каршы, көп окутуучулар студенттин башка социалдык сфералардагы, спорттук секциядагы же музыка мектебиндеги, көркөм студиядагы же фотоийримдеги ийгиликтерин андан аркы окуу профилин тандоого жардам берүүчү жагдай катары эсептешпейт. Студенттин реалдуу кызыгууларынын жана кошумча билим алуунун ар кыл формаларынын ар тараптуу баалуулугун көрө билүүгө үйрөнүш керек. Бул тар чөйрөнүн алкагынан чыгууга жана өз билимдерин жана билгичтиктерин студенттин реалдуу жашоосуна интеграциялоого мүмкүндүк берет.

**№4 КАТА**. Студенттин презентациялык папкасына эң көп сандагы документтердин жана материалдардын салынышы үчүн мелдеш башталганда дагы бир кооптуу жагдай түзүлөт. Портфолио-технологияда эң башкысы – документтердин формалдуу чоң папкасын түзүү эмес, студентке жана окутуучуга студенттин чыныгы кызыгуулары жана мүмкүнчүлүктөрү кайсылар экенин аныктоого жардам берүү экенин унутпашыбыз керек. Портфолио үчүн документтерди жана материалдарды тандоого олуттуу мамиле кылуу керек. Студент портфолиого тигил же бул документти кандай максат менен салып жатканын: окуу профилин тандоо үчүн бул туура жана аң-сезимдүү тандоо жасаганга жардам берерин же жардам бербесин айкын түшүнүүгө тийиш. Тапшырмалардын мазмунуна жана аткаруунун креативдүүлүгүнө көңүл буруу зарыл. Бул максатка жетүү үчүн бул талаптарды портфолиону баалоо критерийлерине киргизип, тапшырманын мазмундуулугу жана креативдүүлүгү үчүн көбүрөөк балл берүү керек.

**№5 КАТА**. Көп учурда портфолиону түзүүчү-авторлор билим берүүнүн, маданияттын, дене тарбиянын жана спорттун официалдуу органдары тарабынан берилүүчү, «мөөр басылган» расмий документтерди (дипломдорду, сертификаттарды, күбөлүктөрдү ж.б.) гана чогултуу керек деп эсептешет. Ушунун өзү менен, портфолиону студенттин өткөндөгү бардык жетишкендиктеринин архивине айлантуу процесси башталат. Бул учурда чыгармачылык эмгектер, өз алдынча отчеттор, пикирлер, сунуш-каттар ж.б. четке кагылат. Бирок портфолио идеясынын маңызы студенттин өз ишмердиги жөнүндө ар түрдүү жана ар тараптуу маалымат алуу зарылдыгын аңдап-түшүнүүгө жардам берүүдө турат. Башкысы – студенттин өз мүмкүнчүлүктөрүн жана жетишкендиктерин ар тараптан демонстрациялоо

жөндөмдүүлүгү. Студенттин өзү тандап алган чыгармачылык эмгек, өз алдынча отчет же өзүнүн рефлексиясы мөөр басылган расмий документтен кем эмес мааниге ээ болушу мүмкүн [5].

**№6 КАТА**. Бул учурда портфолио студенттин өзүн-өзү аңдоосун узак убакытка активдештирүүнүн маанилүү ыкмасы катары эмес, баалоо үчүн курал катары гана каралат. Чындыгында студентти кесиптик жекече жетишкендиктердин папкасын дайыма чогултууга көндүрүш керек, анткени бул ага бүткүл өмүр бою керек боло турган өзүнө, өз жан дүйнөсүнө үңүлүп кароонун технологиясы. Студент өзүнүн бүткүл болочок кесиптик ишмердиги, кесиптик өнүгүүсү андан өзүнүн жекече жетишкендиктеринин папкасын толуктоо боюнча тынымсыз иштөөнү талап кыларын түшүнүүгө тийиш.

**№7 КАТА**. Портфолионун жогорку окуу жайында колдонулушу окутуучу жана студент үчүн оор жүк болбоого тийиш. Мисалы, эгер студенттер колдонуучу компьютерлер жетиштүү болсо, студенттердин компьютердик билими жетишээрлик деңгээлде болсо, анда портфолионун электрондук формасын колдонуу ыңгайлуу жана оңой болот. Жогорудагы каражаттар жана билгичтиктер жетишсиз болсо кагаз түрүндөгү портфолиону колдонуу абзел. Негизги жагдай – портфолиону колдонуунун максаттары окутулуп жаткан предметтин максаты менен дал келүүгө тийиш.

Баалоо учурунда студенттин жүрүм-туруму, тырышчаактыгы же кечигүүлөрү, кийиминин туура эместиги студентти баалоого таасир тийгизбеши керек, анткени булар академиялык элементтер болуп эсептелбейт. Эгер окутуучу бул академиялык эмес элементтерди баалоого кошо турган болсо, анда студенттин академиялык жөндөмдөрүнө калыс баа берүү үчүн бул элементтерге азыраак балл берилишине көз салышы керек [6].

## **КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**:


1. Материалы семинара по коммуникативным технологиям обучения;
2. Материалы семинара по развитию критического мышления через чтение и письмо;
3. Материалы семинара по личностно-ориентированному обучению
4. Джуманалиева Н.Д. жб авторлор менен чогуу//Англис тилин окутуунун коммуникативдик методу, Бишкек, 2008;
5. Григоренко Е.В., Портфолио в вузе: методические рекомендации по созданию и использованию//Томск, 2007.
6. www.umbc.edu